


**«Жылдын мыкты жаш окумуштуусу» номинациясында 2-орун – Абдирасулова Жайнагүл Абдирасуловна 1993-жылдын 16-майында Ош шаарында төрөлгөн.**

Медицина илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык медициналык факультетинин эл аралык байланыштар боюнча декандын орун басары. 2017-жылы ОшМУнун медициналык факультетинин «Дарылоо иши» адистиги боюнча артыкчылык менен аяктаган. 2019-жылы «Акушердик жана гинекология» боюнча ординатураны бүтүргөн. 2024-жылы 14.02.03 – «Коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо» шифри боюнча медицина илимдеринин кандидаты илимий даражасын ийгиликтүү коргогон. Ал 22ден ашуун илимий эмгектин автору, алардын көбү РИНЦ, НАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus жана башка эл аралык маалымат базаларына жарыяланган. Кыргызстанда, Борбордук Азияда жана чет өлкөлөрдө өз квалификациясын жогорулатуу максатында эл аралык конференцияларга жана семинарларга активдүү катышат. Мисалы, Columbia University семинары (Зальцбург, Австрия, 2022) жана Global Village Future Leaders Conference (АКШ, 2022). Ошондой эле, практикалык ишмердүүлүктө врач-акушер-гинеколог катары да эмгектенет. Эмгектик жана коомдук ишмердүүлүгү үчүн көптөгөн грамоталар жана ыраазычылык каттары менен сыйланып, эл аралык жана республикалык конференциялардагы активдүүлүгү, долбоорлорду ишке ашыруудагы салымы жана кесиптик жетишкендиктери жогору бааланган. [1]

https://www.facebook.com/jane.abdirasulova

[1] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар